**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ГҮЛЧӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ГУЛЬЧИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Гүлчө айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 3-отуруму**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 14-январы **№3/5** Гүлчө айылы

**Гүлчө айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин атайын каражатынан 7063,2 миң сом акча каражатын 2025-жылдын бюджетине иштетүү жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштын депутаттарынын кезектеги 3-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин өздүк кирешесинен калган калдык акча каражатын 2025-жылдын бюджетине иштетүү боюнча Гүлчө айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жана айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевдин билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап. Кыргыз Республикасынын 20.10. 2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2- пунктунун негизинде **токтом кылат:**

1. Гүлчө айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-январына карата атайын каражатынын 7063,2 миң сом акча каражатын 2025-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө киргизилсин.
2. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектепке чейинки мекемелерде, балдар бакчаларындагы балдардын ата-энелерден түшүүчү төлөмдөрү айына бир балага 1000 сомдон (анын ичинде 970 сом тамак-ашына жана 30 сом (башкача айтканда 3 пайызы) чарбалык товарларга жумшалышы) белгиленсин.
3. Бюджетте каралган акча каражаттарын смета боюнча өз убагында мыйзамдуу, максаттуу жумшалышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Тажибаевге жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Каныбек кызы Эркинайга милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Гүлчө айылдык кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Самиев**